УДК: 94:947 1/575 0845

Алымбеков К.А., Ибраев Ч.Т.
*К.Тыныстанов ат. ЫМУ*

# КЫРГЫЗ АЯЛДАРЫНАН ЧЫККАН АЛГАЧКЫ МИНИСТР

*Кыргыз аялдарынын арасынан алгачкы министр болуп иштеген, Кыргыз ССРинин саламаттык сактоо тармагына зор салым кошкон Фатима Нургазиеванын өмүрү, басып өткөн эмгек жолу баяндалат.*

***Негизги сөздөр:*** *белгилүү акын; комсомол; КПСС; медициналык институт; социалдык камсыздоо министри; медициналык институттун ректору.*

*В данной статье рассказывается о жизни и трудовой деятельности первого министра из числа женщин – кыргызок Фатиме Нургазиевой, а также о еө огромном вкладе в сферу здравоохранения.*

***Ключевые слова:*** *знаменитая поэтесса; комсомол; КПСС; медицинский институт; министр социального обеспечения; ректор медицинского института.*

*This article tells about the life and work of the first Minister of the number of women among Kyrgyz Fatima Nurgazieva, as well as its huge contribution to the health sector.*

***Key words:*** *the famous poet; the Communist Union of Young; The Communist party of Soviet Union; the medical institute; the minister of social assistance; the head of the medical institute.*

Тенти Адышеванын «Кылы үзүлгөн комузум» аттуу Эскерме-баян китебинде төмөндөгүдөй эскерүү саптары кездешет: «Фатима Нургазиева Кыргыз ССРинин социалдык камсыздандыруу министрлигинен Кыргыз ССР саламаттык сактоо министри болуп которулуп калды. Эл арасында мени Кыргыз ССР социалдык министри болот деген сөз жүрүп калды…

Бир канча мезгил өттү. Мени баргызган министерствого башка адам министр болду. Мен Нургазиевадан сурандым, жогорку жактан тиешелүү кишилерден сурап көрүшүн, эмнеликтен сөз чыгып, сөз бойдон калышын. Ал сураптыр. Сөз болгону чын экен. Ошол мезгилде менин үстүмөн тоголок каттар түшөт. Нургазиева сүйлөшкөн адам: «Мен билген аялдардан көбүнөн сергек, ишмерлүүсү ушу Жунушбаева. Мен чындап колдогом. Бирок эмнегедир үстүнөн көп тоголок кат түшүп жатат» дейт» [1]. Жоомарт Бөкөмбаевдин жубайы, белгилүү акын Тенти Адышева эскерип жаткан Фатима Нургазиева деген ким болгон?

Фатима Нургазиева 1911-жылы Ысык-Көл облусунун Түп районундагы Шаты айылында туулган. Чоң атасы Жумабайдын эки уулу болгон – Абылгазы, Нургазы. Кыргыз эли азаттык талашып, Кытай жерине кетер кезде Абылгазы беш балалуу болуп, Нургазыдан жалгыз Фатима төрөлөт. 1916-жылы көл кылаасындагылар жөө-жалаңдап, ашуу ашып таш басып, жандарын сакташ үчүн Кытай жергесине качканда Жумабайдын тукуму ага-тууганына, кайын журттарына жармашып, өлдүм-талдым дегенде Кулжага жетишет. Оору, ачарчылык, баш калкалоочу жердин азабынан Фатиманын энеси Кусубалды 21 жашында жарык дүйнө менен кош айтышат. Алты жашар Фатима таенесинин колунда калат.

Сөйкөсүн, шакек, иймектерин сатып, өлбөстүн күнүн өткөрүшөт. Нургазы Кулжадагы Шакожо деген байдын тери зоотунда кара жанын карч уруп иштеп, акысына арзыбаган акча, жарыбаган тамак аш, эски-уску кийимдерди алып турат. Абылгазы байдын малын багып жүргөндө аялы, беш баласы келте менен ооруп, бир жуманын ичинде каза болушат. Эки бир туугандын ортосунда жалгыз Фатима калат. Аңгыча «падыша тактан кулады» деген кабар угушуп, эки бир тууган көлгө кайтышат. Жолдо келе жатканда Фатиманын таенеси каза болот.

Башка качкындар сыяктуу эле жаңы орногон Кеңеш өкмөтү аларды жылуу тосуп алып, Талды-Суу айылынан жашаарына үй, айдаарына жер, себерине үрөн берип, Абылгазы, Нургазы жер тырмалап, мээнеттери текке кетпей ирдене башташат. Кызы Фатима Кеңеш өкмөтү ачкан мектептен эң алгачкылардан болуп билим алып, 1927-жылы комсомолго өтүп, ошол эле жылы Фрунзе шаарындагы аялдар арасында уюштуруучулардын курсун бүтүрөт. Андан соң Орто Азия коммунисттик университетинин эки жылдык комсомолдук бөлүмүндө окуйт. Аны бүткөндө кийин Кызыл-Кыя шаарында аялдар арасында иш алпарып, аларды өндүрүшкө тартууга, алардын сабатсыздыгын жоюуга активдүү катышат. Тап душмандар аларга кастарын тигип, көптөгөн каршылыктарды көргөзүшөт. Бир жолу басмачылар шахтыга суу толтурушуп, чоң зыян келтиришкенин такыр унутчу эмес. Ф.Нургазиева, Онохина, Черкасовалар чогулуштан кеч кайтып келатышканда алдыда бараткан Черкасованы басмачылар кармап алып, кыйнап өлтүрүшөт. Нургазиева менен Онохина казылган аңгеке жашынышып, таң атканча сыз, суу жерде жатып ажалдан калышкан. Оштон Фатима Нургазиева менен чогуу иштешкен Курманжан Задумбаева, Жалал-Абаддан Наджия Маматова, Кочкордон Айнагүл Жалганбаевалар басмачылардын кандуу колдорунан каза табышкан. 1932-жылдары Базар-Коргон, Аламүдүн райондорунун агартуу тармагында 1935-жылы жолдошу Усуп Эсенгуловду Ат-Башы райОНОсунун башчысы кылып жибергенде, ошол жакта мугалим болуп эмгектенет. Жолдошу Усуп Бишкектеги педтехникумду алгачкылардан болуп бүтүргөн, кыргыздын билимдүү жигиттеринен болгон. Ал кезде айыл чачкын, жол катнаш начар, мектептер жок, мугалим жетишпеген мезгил эле. Ак-Сай, Арпа, Туюк-Боготой айылдарын кыштын күнү атчан аралап жүрүп, 1937-жылы кышында эки өпкөсүнөн кагынып, кан түкүрүп, беш күндүн ичинде мүрт кетет. Ошол мезгилде Фатима эже болгону 27 жашта болуп, уулу Марат экиде, кызы Мария курсакта калат. 1938-жылдын февраль айынан тартып Ат-Башы райондук саламаттыкты сактоо башчысы кызматына дайындалат. 1939-1940-жылдары Москвада СССР Саламаттык сактоо Эл Комиссариатынын алдындагы саламаттык сактоо ишин уюштуруучулардын бир жылдык курсунда окуйт. Ошол 1939-жылы КПССтин мүчөлүгүнө өтөт. Окууну бүтүп келери менен Ф.Нургазиева Кыргыз ССР Эл Комиссарынын биринчи орун басары болуп дайындалат. Жоопту кызматты аркалоо менен 1947-жылы Кыргызстан медициналык институтун бүтүрөт. Окууну бүткөндөн кийин мединституттун клиникалык ординатору, андан соң Ысык-Ата курортунун башкы врачы болуп эмгектенет. 1949-жылы Фатима Нургазиева кыргыз аялдарынан эң биринчи Кыргыз ССРинин Социалдык камсыздоо министри болуп дайындалат. Көп өтпөй эле 1950-жылы Саламаттык

сактоо министри болуп 1955-жылга чейин эмгектенген. 1950-жылы СССР Жогорку Советине №268 Караван шайлоо окуругунан депутат болуп шайланат. 1955-1962-жылдары Кыргыз мамлекеттик медициналык институнун ректору болуп иштейт. Андан кийин илим-изилдөө институтунда энеликти жана балалыкты коргоо боюнча врач-ординатор, шаардык балдарды кургак учуктан дарылоо санаториясынын башкы врачы болуп эмгектенет. Фатима Нургазиева эмгек жолунда өзүнүн саламатттык сактоо ишинде жана педагогикалык ишмердүүлүгүндө таланттуу уюштургуч экендигин жана жөндөмдүүлүк сапаттарын көргөзгөн. Кыргызстанда медицина илиминин өнүгүшүнө жана медициналык кадрларды тарбиялап чыгарууда салымы абдан зор.

Республикада элдин саламаттык сактоо ишин өнүктүрүдө Фатима Нургазиеванын эмгеги өкмөт тарабынан жогору бааланып, «Ленин», «Ардак Белгиси» ордендери, «Эмгектеги күжүрмөндүгү үчүн», «1941-1945-жылдарда Улуу Ата Мекендик согуштагы кайраттуу эмгеги үчүн» медалдары менен сыйланган. СССР Жогорку Советине, Кыргыз ССРинин, облустук жана райондук кеңештердин депутаттыгына бир нече жолу шайланган. Кыргызстан Компартиясынын Борбордук Комитетине эки жолу мүчө болуп шайланган. Республикалык маанидеги персоналдык пенсионер болуп жүрүп 1995-жылы 23-июнда дүйнөдөн кайткан.

**Адабияттар:**

1. Адышева Тенти. Кылы үзүлгөн комузум. Эскерме-баян. – Б.: Турар,2015.
2. Мамбетсеитова З. Алгачкы министр – алпейим чоң эне. \\Кыргыз Туусу, 1989, 5-июль.
3. Маткеримова Б. Бекер өтпөгөн өмүр. \\Кыргыз Туусу, 1992, 7-март.
4. Мусагожоев Э., Шабданов Э. Шаты айылы, тарыхы жана санжырасы. –Каракол, 2015.